| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ИШТЕРИ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИК | | ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ПО ДЕЛАМ ГОСУДАРСТВЕННОЙ СЛУЖБЫ И МЕСТНОГО САМОУПРАВЛЕНИЯ ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ |
|---|---|---|

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

________________________№__________ Бишкек ш.

**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматынын жана муниципалдык кызматынын кадрлар резервине кирүү үчүн ачык конкурстук тандоодон өтүүгө зарыл болгон документтердин тизмеси жана аларга коюлуучу талаптар жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматынын жана муниципалдык кызматынын кадрлар резервине кирүү үчүн ачык конкурстук тандоодон өтүүдө Кыргыз Республикасынын жарандары тарабынан электрондук форматта берилүүчү документтерди кабыл алуунун жана сактоонун бирдиктүү стандарттарын камсыз кылуу максатында, “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизинде, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 258 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиги (мындан ары – Агенттик) жөнүндө Жобого ылайык, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматынын жана муниципалдык кызматынын кадрлар резервине кирүү үчүн ачык конкурстук тандоодон өтүүгө зарыл болгон документтердин тизмеси жана аларга коюлуучу талаптар 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматынын жана муниципалдык кызматынын кадрлар резервине кирүү үчүн ачык конкурстук тандоодон өтүүдө Кыргыз Республикасынын жарандары тарабынан “e-Kyzmat” мамлекеттик порталында электрондук форматтагы арызга тиркелүүчү документтердин сканерленген көчүрмөлөрүнө карата талаптар 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

3. Агенттиктин мамлекеттик жарандык кызматынын жана муниципалдык кызматынын кадрлар резервине ачык конкурстарды өткөрүүгө жооптуу түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилери:

- ачык конкурстарга катышып жаткан Кыргыз Республикасынын жарандары тарабынан документтерди тапшырууда көрсөтүлгөн талаптардын сакталышын камсыз кылсын;

- “e-Kyzmat” мамлекеттик порталында берилген документтердин сканерленген көчүрмөлөрүн талапкерлер тарабынан аңгемелешүү этабында көрсөтүлгөн документтердин түп нускалары менен салыштырып текшерүүнү камсыз кылсын.

4. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилери:

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматынын жана муниципалдык кызматынын башкы жана улук административдик орундарына кадрлар резервине киргизүү үчүн конкурстук комиссиялар, түзүмдүк бөлүмдөр жана конкурстук тандоону уюштурууга жооптуу кызмат адамдары тарабынан көрсөтүлгөн Талаптардын сакталышын камсыз кылуу боюнча чараларды көрсүн;

- мамлекеттик жарандык кызматка жана муниципалдык кызматка кирүүнү каалаган Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн тиешелүү мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун органдарынын расмий веб-сайттарында жарыялоо аркылуу көрсөтүлгөн Талаптарга жеткиликтүүлүктү камсыз кылсын.

5. Агенттиктин санариптик өнүктүрүү бөлүмү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык “e-Kyzmat” мамлекеттик порталына документтердин сканерленген көчүрмөлөрүн жүктөө мүмкүнчүлүгүн техникалык жактан камсыз кылсын.

6. Агенттиктин финансылык жана административдик камсыздоо бөлүмү ушул буйрук катталган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде аны ведомствонун расмий веб-сайтында жарыялоону камсыз кылсын.

7. Агенттиктин мамлекеттик жана муниципалдык кызмат бөлүмү ушул буйрук катталган күндөн тартып жети жумушчу күндүн ичинде ушул буйруктун эки нускадагы көчүрмөлөрүн мамлекеттик жана расмий тилдерде Электрондук документ жүгүртүүнүн мамлекеттик системасы аркылуу Кыргыз Республикасынын укуктук маалыматтардын борборлоштурулган банкына киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жиберсин.

8. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Агенттиктин директорунун орун басары Б.З. Садировага жүктөлсүн.

**Директор** **Э.Н. Джантаев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН